**БЕКИТИЛДИ**
Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2026-жылдын 8-апрелиндеги № 01-25/____ буйругу

# Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү башкармалыгынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары бөлүмү жөнүндө
# ЖОБО

1. **Жалпы жоболор**
2. **Милдеттери**
3. **Функциялары**
4. **Укуктары**
5. **Түзүмү**
6. **Жоопкерчилиги**

## 1. Жалпы жоболор

1. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү башкармалыгынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары бөлүмү (мындан ары – бөлүм) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин (мындан ары – Агенттик) жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү башкармалыгынын түзүмүнө кирген бөлүм болуп саналат.

2. Бөлүм өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын, Агенттиктин ички ченемдик актыларын, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү башкармалыгынын Жобосун, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

3. Бөлүмдүн иши Агенттиктин директорунун жалпы жетекчилиги алдында, ошондой эле тиешелүү багытты тейлеген директордун орун басарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү башкармалыгынын начальнигинин жетекчилиги алдында жүзөгө ашырылат.

4. Бөлүм өз ишин жүзөгө ашырууда түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөр менен, ошондой эле жетекчиликтин тапшырмасынын негизинде мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жарандык жана эксперттик коомчулук менен өз ара аракеттенет.

## 2. Милдеттери

5. Бөлүмдүн милдеттери:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айылдык аймактарды/ шаарларды социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга көмөктөшүү;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын ишке ашырууга көмөктөшүү;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктук, социалдык-экономикалык, финансылык негиздерин өркүндөтүү боюнча ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун, сунуштарды даярдоого көмөктөшүү;

- жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, анын ичинде жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү жана берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарынын жана тескемелеринин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорунун жана тескемелеринин талаптарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аткарылышынын абалын координациялоо;

- мүлккө муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө маселелерин координациялоо;

- жергиликтүү бюджеттерди түзүүдө, бекитүүдө, жергиликтүү салыктарды, жыйымдарды жана алар боюнча жеңилдиктерди киргизүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине көмөктөшүү..

## 3. Функциялары

6. Бөлүмдүн функциялары:

- бөлүмдүн компетенциясына кирген маселелер боюнча ченемдик укуктук актылардын жана башка документтердин долбоорлорун иштеп чыгуу;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын тапшырмалары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын оптималдаштыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

- жергиликтүү бюджеттин каражаттарын, экономикалык жана башка ресурстарды натыйжалуу пайдалануу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана белгиленген тартипте киргизүү;

- мамлекеттик каржылоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен биргелешип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын типтүү түзүмдөрү жана штаттык санынын чеги боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана киргизүү;

- мыйзамдарда белгиленген учурларда мамлекеттик менчикти муниципалдык менчикке өткөрүп берүү боюнча иштерге катышуу;

- зарыл чараларды көрүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоо маселелери боюнча жеке жана юридикалык жактардын арыздарын жана даттанууларын

кароо;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун социалдык-экономикалык, финансылык негиздерин талдоо;

- жергиликтүү маанидеги маселелердин жана берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдеринин аткарылышын талдоо;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын, министрликтердин жана ведомстволордун тиешелүү түзүмдөрү, ошондой эле башка мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу Союзу менен өз ара аракеттенүү;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугуна мониторинг жана талдоо жүргүзүү;

- жергиликтүү маанидеги маселелерди жана берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды чечүү боюнча ченемдик укуктук актыларды жана башка документтерди иштеп чыгууга жана макулдашууга катышуу;

- жергиликтүү бюджеттерди түзүүдө, бекитүүдө жана аткарууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жардам көрсөтүү;

- тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу маселелери боюнча көмөк көрсөтүү;

- жергиликтүү өз алдынча башкарууну финансы-экономикалык өнүктүрүү боюнча бекитилген программаларды жана пландарды ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү боюнча иштерди уюштуруу;

- мамлекеттик органдардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүсүнө мониторинг жана талдоо жүргүзүү, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү боюнча сунуштарды киргизүү;

- муниципалдык менчик боюнча маалыматтар базасын түзүү жана жүргүзүү;

- тейлеген маселелери боюнча муниципалдык кызматчыларды, ошондой эле жергиликтүү жамааттардын башка өкүлдөрүн окутуу, квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо боюнча иш-чараларга катышуу;

- берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча мамлекеттик органдар менен кызматташуу;

- жергиликтүү маанидеги маселелер жана берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына практикалык, методикалык, консультациялык жардам көрсөтүү;

- расымдык уюмдардын реестрин түзүү жана жүргүзүү;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бөлүмдүн милдеттерине шайкеш келген башка функцияларды аткаруу.

## 4. Укуктары

7. Бөлүмдүн укуктары:

- Агенттиктин түзүмдүк бөлүмдөрүнөн, мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жана башка уюмдардан ушул Жободо аныкталган функцияларды аткаруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды жана материалдарды белгиленген тартипте алууга;

- компетенциясынын чегинде Агенттиктин түзүмдүк бөлүмдөрү, мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка уюмдар, ошондой эле жеке жактар менен өз ара аракеттенүүгө;

- компетенциясына кирген маселелер боюнча белгиленген тартипте тиешелүү мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, Агенттиктин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана башка уюмдардын жетекчилерин жана адистерин тартуу аркылуу кеңешмелерди өткөрүүгө;

- өз ишинин багыттары боюнча ведомстволор аралык комиссияларды, эксперттик кеңештерди жана жумушчу топторду түзүүгө;

- Агенттиктин өкүлү катары жергиликтүү кеңештердин сессияларына, шаарлардын мэрияларынын коллегияларынын жыйналыштарына жана башка иш-чараларга катышууга;

- Агенттиктин жетекчилигине бөлүмдүн ыйгарым укуктарына кирген маселелер боюнча сунуштарды киргизүүгө.

## 5. Түзүмү

8. Бөлүм Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Агенттиктин директору тарабынан кызмат ордуна дайындалуучу жана кызмат ордунан бошотулуучу бөлүмдүн башчысынан, башкы адистен (2 штаттык бирдик), жетектөөчү адистен (3 штаттык бирдик) жана адистен турат.

9. Бөлүмдүн башчысы бөлүмдүн ишин жетектейт жана жүктөлгөн милдеттердин жана функциялардын аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

10. Бөлүмдүн кызматчыларынын функционалдык милдеттери ушул Жобого ылайык аныкталат жана Агенттиктин буйругу менен бекитилет.

11. Бөлүмдүн кызматчыларын материалдык камсыздоо жана социалдык коргоо “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык жүргүзүлөт.

## 6. Жоопкерчилиги

12. Бөлүмдүн кызматчылары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартиптик, административдик, материалдык жана кылмыштык жоопкерчиликке тартылышат.

13. Бөлүмдүн кызматчыларына карата укукка каршы жүрүм-туруму жана өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарбаганы же талаптагыдай эмес

аткарганы үчүн “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипке ылайык тартиптик жаза колдонулушу мүмкүн.

14. Бөлүмдүн кызматчыларына карата Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын этика кодексин бузгандыгы үчүн ушул кодексте белгиленген тартипте чаралар көрүлөт.

15. Бөлүмдүн кызматчылары жетекчинин оозеки тескемесинин мыйзамдуулугуна шектенүү пайда болгон учурларда ошол тескемени жазуу жүзүндө ырастоону талап кылууга милдетүү. Эгерде жетекчи же ал жок учурда тескеме чыгарган жетекчи тескемени жазуу жүзүндө тастыктаса, мамлекеттик кызматчы аны аткаруу администрациялык же жазыктык жактан жазалануучу жосун болуп эсептелгенден башка учурларда аны аткарууга милдеттүү.

16. Бөлүмдүн кызматчылары төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликке тартылышат:

- жарандардын укуктарын, эркиндигин, мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузууга алып келген укукка жат аракеттери жана аракетсиздиктери үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык;
- өз ишинин натыйжалуулугу үчүн;
- функционалдык милдеттерин аткарбаганы же талаптагыдай эмес аткарганы үчүн.